**«Бекитемин»**

**Мектеп директору**

**Жапарова К.М.**

10.10.22 ________

# АДЕП КОДЕКСИ

## Биздин мектептин кызматкери катары мен дайыма:

- Өз окуучуларымды сыйлайм;
- Окуучуларды окутуунун жащы жана натыйжалуу ыкмаларын табуу үчүн өз кесиптик көндүмдөрүмдү өнүктүрөм;
- Улутуна, жынысына, материалдык абалына карабай окуучулардын бардыгына бирдей мамиле кылып окутам;
- Окуучулардын физикалык, эмоционалдык, интеллектуалдык жана руханий өнүгүүсүнө көмөктөшөм;
- Балдар өз потенциалын толук кандуу ишке ашыра алышы үчүн, окуучулардын ар түрдүү керектөөлөрүн эске алып, окуу программасын аларга ынгайлаштырам;
- Билим берүүнүн мамлекеттик стандарты жана окуу программасы менен байланышкан окутуу максаттары так коюлган сабактарды өткөрөм;
- Класста кызыктуу жана позитивдүү окутуу чөйрөсүн түзөм;
- Окуучулардын жумуштарын объективдүү, чынчыл жана ачык баалайм;
- Окуучуларды маанилүү социалдык маселелерге сын көз караш менен маани берүүгө мотивациялайм;
- Ата- энелерди балдардын тарбиялануусу жана окуп-үйрөнүүсү тууралу маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу процессине тартам жана алардын купуялуулук укугун сыйлайм;
- Өз кесиптик кызыкчылыктарымды жүрүм-турумдун адеп ченемдерине туруктуу жана жоопкерчиликтүү мамиле кылуу аркылуу сактайм;
- Кесиптештеримди сыйлайм, жамаат менен тыгыз кызматташтык жана өз ара аракеттенүү аркылуу окуучуларды сапаттуу окутууга көмөктөшөм;
- Насаатчылыкка активдүү катышам жана мугалимдердин кесиптик көндүмдөрүнүн өнүгүүсүн, өзгөчө жаш мугалимдердин жаны башталган ишмердигин колдойм;
- Эгерде кесиптештеримдин бирөө бул Адеп кодексинин жоболорун бузса, өз оюмду ачык айтам.